БЕКИТЕМИН
Эл аралык Кувейт университетинин ректору,
педагогика илимдеринин доктору, профессор
Байсерков Аскарбек Эсенович
________________________

_15_май__2024-ж.____

Диссертациялык иштин натыйжаларын ишке ашыруу

**Актысы**

1. Автор Болотбек Аманович Шатманалиев.

2. «Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары» аттуу 13.00.08. – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистигинде педагогикалык илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши.

**3. Аннотация.** «Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары» аттуу 13.00.08. – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистигинде педагогикалык илимдердин кандидатык диссертациясы адистикти профилине туура келет.

Диссертацияда орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун өзгөчөлүктөрү, мазмун, функциялары, функционалдык баалоо критерийлеринин артыкчылыгы анализге алынып, кесиптик орто окуу жайдагы окуу процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн теориялык багыттары, концептуалдык негиздери каралып, кесиптик орто окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун модели иштелип чыккан. Изилдөөнүн максаты: орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун натыйжалуулугун өнүктүрүүгө мүмкүндүк берүүчү педагогикалык шарттарды, концептуалдык негиздемелерди изилдеп, эксперименталдык текшерүүгө алуу ж.б. болуп саналат.

Ал төмөнкүдөй милдеттерди коюп, чечүү менен ишке ашкан:

- орто кесиптик окуу жай системасынын азыркы абалына анализ жасоо, окуу жана тарбия процессин башкаруунун теориялык негиздерин изилдеп чыгуу;
- кесиптик орто окуу жайдагы окуу жана тарбия процессин башкаруунун моделин иштеп чыгуу, методологиялык принциптерин кароо, өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо;
- иштелип чыккан моделди практикалык ишке ашырууга өбөлгө түзгөн колледждин окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун эксперименталдык түрдө текшерүү.

**4. Натыйжаларын ишке ашыруу эффектиси.** Жаңы типтеги орто окуу жайлардын ачуу иштери тиешелүү деңгээлде даярдалган укуктук, теориялык базага таянуусуз, методологиялык, психологиялык-педагогикалык, башкаруу багыттары боюнча терең изилденип, иштелип чыккан негиздемелерсиз жүргөнү да жашыруун эмес. Жаңы типтеги орто кесиптик окуу мекемелерин ачуу, уюштуруу иштеринин ар тараптуу, абдан такталып даярдалган концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу маселеси алигиче актуалдуу бойдон калууда. Ушундай кырдаалда орто кесиптик билим берүү окуу жайлар системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун оптималдуу моделин калыптындыруу, анын

педагогикалык шарттарын аныктоо маселесинин актуалдуулугу артып турган кез.

Иште аныкталган педагогикалык шарттардын жана моделдин натыйжалуулугу Эл аралык Кувейт университетинин кесиптик орто билим берүү бөлүмүндө да эксперименталдык жактан текшерилди, аларды орто кесиптик билим берүү уюмунун окуу-тарбия иштерине киргизүү боюнча практикалык сунуштар иштелип чыкты. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси болуп төмөнкүлөр саналат: орто кесиптик окуу жайдагы окуу жана тарбия процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн педагогикалык негиздери, функциялары, субъектери боюнча методикалык сунуштар, билим берүүнүн педагогикалык шарттары иштелип чыкты жана алардын натыйжалуулугу эксперименталдык жактан текшерилди, аларды ишке ашыруу боюнча практикалык сунуштар каралды; колледждин окуу жана тарбия процессин башкаруу модели иштелип чыгып, аны ишке ашыруу функционалдык баалоо-критерийлери, диагностикалык изилдөө инструменттери киргизилди, аны башка колледждерде директордун тарбия иштери боюнча орун басарлары, кураторлор жана окутуучулар колдоно алышат.

**5. Ишке ашыруунун орду жана мезгили.** Эксперименталдык иш Эл аралык Кувейт университетинин кесиптик орто билим берүү бөлүмүндө да өткөрүлдү. Комиссия тарабынан орто окуу жайлардын башкаруу кадрларын даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында бир нече авторлор (автордун катышуусунда) тарабынан иштелип чыккан концептуалдык моделге ылайык «Орто кесиптик билим берүү окуу жайындагы окуу-тарбия процессин башкаруу» окуу курсу боюнча сунуштар текшерилди.

**6. Ишке ашыруу формасы.** Жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жана байкоолордун жыйынтыгы менен ар тараптуу темага байланыштуу ишке ашыруу формалары, методдору, проблемалары аныкталды. Анализ көрсөткөндөй, кадр саясаты методологиялык, уюштуруучулук, экономикалык, социалдык, укуктук жана башка проблемалары жана аларды чечүү менен тыгыз байланышта. Орто кесиптик билим берүү жаатындагы окуу-тарбия иш процесстерин башкаруу жана жалпы эле орто кесиптик билим берүүнүн сапатын көтөрүү маселеси тиешелүү ресуртардын болушуна, айрыкча азыркы учурда маалыматтык-технологиялык колдоо, логистика жана башка шарттарга көз каранды абалда экени белгилүү болду. Колледждин окуу жана тарбия процессин башкаруу модели иштелип чыгып, аны ишке ашыруу функционалдык баалоо-критерийлери, диагностикалык изилдөө инструменттери киргизилди, аны башка колледждерде директордун тарбия иштери боюнча орун басарлары, кураторлор жана окутуучулар колдоно алышат.

1. Эл аралык Кувейт университетинин кесиптик орто билим берүү бөлүмүн башчысы, ага окутуучу

__________ Абдыжапар кызы Нурзат

2. Эл аралык Кувейт университетинин кесиптик орто билим берүү бөлүмүн ага окутуучусу __________ Назаралиева Д.О.

3. Эл аралык Кувейт университетинин кесиптик орто билим берүү бөлүмүн тарбия иштери боюнча координатору

__________ Токтосун уулу Калдыбай.

КАДРОВ
КАДРЛАР
БӨЛҮМҮ